**Жаңы доордогу кыргыз иденттүүлүгү: жаш окумуштуулардын илимий көз карашы**

2026-жылдын 24-июнунда Бишкек шаарындагы Алыкул Осмонов атындагы Улуттук китепканада Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолун ишке ашыруу алкагында «Жаңы доордогу кыргыз иденттүүлүгү: жаш окумуштуулардын илимий көз карашы» аттуу тегерек стол болуп өттү.





Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары Медер Алиев, Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министринин орун басары Лира Сулейманова, белгилүү окумуштуулар, жогорку окуу жайлардын окутуучулары, жаш окумуштуулар, магистранттар, аспиранттар жана студенттер катышты.







Тегерек столдун жүрүшүндө кыргыз элинин улуттук иденттүүлүгүн сактоо жана өнүктүрүү, эне тилдин, маданияттын, тарыхый мурастын бүгүнкү глобалдашуу шартындагы орду жана мааниси тууралуу актуалдуу маселелер талкууланды.




Ошондой эле Кыргыз улуттук университетинин Жаш окумуштуулар кеңешинин төрайымы Мирзалим кызы Гүлмээрим «Жасалма интеллект жана англис тилин окутуу: улуттук иденттүүлүктү сактоонун мүмкүнчүлүктөрү» аттуу темада доклад жасап, англис тилин окутууда заманбап технологияларды колдонуу менен бирге кыргыз элинин маданий баалуулуктарын, тилин жана улуттук өзгөчөлүктөрүн сактоонун маанилүүлүгүнө токтолду.

Катышуучулар жаш окумуштуулардын илимий демилгелерин колдоо, улуттук иденттүүлүк маселелерин илимий негизде изилдөө жана коомчулукка жеткирүү боюнча сунуштарын билдиришти.



Иш-чара жаш окумуштуулардын илимий потенциалын өнүктүрүүгө, улуттук баалуулуктарды жайылтууга жана кыргыз иденттүүлүгүн жаңы доордун талаптарына ылайык кароого багытталган маанилүү аянтча болду.